Педагогикалык кеңеш

тарабынан кабыл алынган

"30" август 2022-ж

Бекитемин

Мектептин директорунун

милдетин аткаруучу Кенеева Г

2022-ж

Ак-Талаа районуна караштуу Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин ички көзөмөл боюнча

ЖОБО

1. Негизги жобо

1.1. Бул жобо Ак-Талаа районуна караштуу Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин уставынын негизинде кабыл алынган

1.2. Мектеп ичиндеги көзөмөл –бул эң негизги мектептин администрацисы тарабынан колдонулган ички көзөмөл, эң негизги мектептин окуу процессинде жүргүзүлгөн ички көзөмөл.

1.3. Мектептин ички көзөмөл жобосу мектептин пед кеңешмесинде бекитилет жана ага ар кандай сунуштар, кошумча же өзгөртүүлөр киргизилет.

1.4. Жобонун эң негизги максаттары Мектепте билим берүү сапатын жакшыртуу мектептеги мугалимдердин сабак берүү ыкмаларын кеңейтүү жана сапатын көтөрүү.

1.5. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" мыйзамынын нормативдүү-укуктук актыларын педагогикалык жамаатка жеткирүү жана аларды аткарууда көзөмөл жүргүзүү

1.6. Укуктуу-нормативдүү актыларга баш ийбеген кемчиликтерге көңүл буруу жана аларды жоюу

1.7. Педагогикалык жамааттын билим берүүдөгү ийгиликтерин жана аракеттерин мектептин ичиндеги жайылтуу

1.8. Жаш мугалимдерге жана усулдук жардамга муктаж мугалимдерге ар кандай ар тараптуу жардам берүү

1.9. Мугалимдерге үзүрлүү билим берүүдө усулдук жардам жана ийгиликтүү иштөөгө шарт түзүү

1.10. Мектептин ичиндеги буйруктарга баш ийүү жана аларды аткаруу

1.11. Мектептин директору жана директордун буйругу менен, директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары же болбосо эксперт комиссиялардын мүчөлөрү ички көзөмөлгө катыша алат.

а) "Билим берүү" закондорду аткарууда

б) Окуу программаларды жана окуу пландарды аткарууда көзөмөл кылуу

в) Мектептин уставына баш ийүү жана ички көзөмөлдү сактоодо

г) Мектептин ичинде өтүлгөн аттестация өткөрүүдө жана окуучулардын жетишүү процессин көзөмөлдөө

д) Окуучулардын тамактануусу жана алардын ден-соолугун сактоодо мугалимдин ишмерүүлүгүн аныктоодо төмөнкү талаптар көзөмөлгө алынат

1. Окуу программасынын толук өтүлгөнү
2. Окуучулардын сабактардагы билим деңгээли
3. Мугалимдин окуучуларга жасаган жекече маселеси
4. Ар бир балага жекече жана жаш курагына жараша мамилеси
5. Мугалим жана окуучунун ортосундагы түшүнүк мамиле (тыгыз мамиле)
6. Мугалим сабакка кошумча материал жана ар кандай метод, куралдарды, жаңы интерактивдүү методдорго ылайык кошумча материалдарды колдонуусу
7. Ар кандай педагогикалык абалдардан чыгуу
8. Өзүнүн педагогикасын жыйынтыктоо

**Мугалимдин иш тажрыйбасын ички көзөмөлдө аныктоо жолдору**

1. Анкета уюштуруу
2. Тест өткөрүү
3. Мониторинг
4. Байкоо
5. Документациялар менен таанышуу
6. Сабактарына анализ берүү (жеке анализ)
7. Окуучуларынын аң сезими жана алардын сабактан жетишкен жыйынтыктарын байкоо, аныктоо.

**Ички көзөмөл өткөрүү методдору**

1. Байкоо
2. Оозеки сурамжылоо
3. Жазуу түрүндө (тест)
4. Жазуу түрүндө (текш.иш) билим сапатын текшерүү
5. Анкета
6. Документацияларды текшерүү

Мектептеги ички көзөмөл план графиктин негизинде жүргүзүлөт. Мектепте окуу жылдын башында пед.кеңешмеде педагогикалык жамааттын ички көзөмөл графиги бекитилип жана мугалимдерге жеткирилет. Ички көзөмөл пландын эң негизгиси-бул билим сапатын жакшыртуу. Ар кандай талаш-тартыш абалдар мектеп ичинде орун алса, аларды кароо жана жоюу ( ата-энелер –мугалим, ата-энелер-кл жетекчи,ата-энелер-администрация, мугалим-окуучу-ата-эне)

Мектептин ички көзөмөлгө окуудагы жана окуучуларга тарбия берүүдө мониторинг өткөрүү кирет, окуучулардын ден-соолугуна кам –көрүү, аларды ар кандай коопсуздуктардан коргоо.

Ички көзөмөл мектепте директор тарабынан жана окуу-тарбия завучтун окуучулардын билим деңгээлин жана окуу көзөмөл өткөрүүдө талап жүргүзүлөт.

1. Баштапкы (диагностикалык)
2. Текшерүү
3. Жыйынтыктоо көзөмөл түрлөрү

**Жекече кесиптик көзөмөл**

1. Мугалимдин өзүнүн сабагынын билим деңгээлин
2. Мугалим өзүнүн жөндөмүн көрсөтө билиши керек
3. Мугалим азыркы талапка ылайык ар кандай интерактивдүү ыкмаларын билиши керек.
4. Ар кандай усулдук технологияларды, өздүк билимин көтөрүү (самобразование)өздөштүрүү керек.
5. Мугалимдин изденүүсү, мастер класс, ачык сабактары.

Мугалимдин кealендарлык планы (программа аткарылышы боюнча) окуу программалары, окуу жылына түзүлөт жана метод бирикмеден бекитилет.

Календарный план менен сабактын планы бир –бирине айкалыш керек (мөөнөтү менен). Класстык журналдагы баалар убагында коюлуп, күндөлүккө коюлуп, окуу дептерлер текшерилип, тарбия пландар жазылып, ата-энелер жыйналыштар, тарбия сааттар өтүлүп, мөөнөттөрү бекитилет.

Окуучуларга жана ата-энелерге мониторинг өтүү ( анкета түзүп өткөрүү)

Класстын жыйынтыктоо көзөмөлү

1. Бул көзөмөл бир классты же болбосо параллелдерде өтүлөт (мисалы 8"а,б,в)
2. Бул класстарда же параллелдерден өтүлгөн ар бир сабактын билим деңгээли
3. Класстын сабактарга болгон умтулуусун сабактардын билим сапатын аныктоо
4. Ар кандай текшерүү иштери, тесттер, анкеталардан өтүү

Класстын тарбия иштеринин абалын текшерүү. Көзөмөлдүн жыйынтыгы пед.кеңеште же директор алдындагы кеңешмеде, класстык жыйынында, ата-энелер жыйналышында угузулат.

**Бекитемин**

**Директордун милдетин аткаруучу: ____ Г. Кенеева**

**«30» август 2022-жыл**

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинде ички көзөмөлдөөнүн 2022-2023-окуу жылына карата графикалык план.**

| Айлар/ Текшерүүнүн түрлөрү | Персоналдык | Тематикалык | Класстык-жалпылоо | Фронталдык (комплекстүү) |
|---|---|---|---|---|
| сентябрь | Мугалимдердин жана окуучулардын медиц. кароодон өткөрүлүшү | 1-4-класстардын календардык план. абалы.<br>5-11 класстарда календардык план. абалы.<br>Класс жетек. план. абалы. | | Окуучулардын окуу китептер менен камсыз болушу. |
| Октябрь | | | Предметтер боюнча класстан тышкаркы иштердин уюштурулушу | |
| Ноябрь | | 5-9-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча дептерлеринин текшерилиши | Мектеп окуучуларынын күндөлүктөр менен камсыз болушу. | Мектепте предметтик олимпиадаларды өткөрүүнүн жүрүшү. |
| Декабрь | Мугалимдердин өз алдынча билимин көтөрүүнүн үстүндө иштөөлөрүнүн абалы | Башталгыч класстарда математика жана эне тили предметтеринин окутулушу | | |
| Январь | Мектептин наменклатуралык иш кагаздарынын талапка ылайык жүргүзүлүшү | | 10-11- класстарда математика предметтеринин окутулушу | 5-11-класстарда окуу программалары-нын, жазуу, лаборат, текшерүү иштер, норматив. аткарылышы |
| Февраль | | 8-9-класстарда химия жана биология пред. окутулушу | | Мектептеги санитардык-гигиеналык талаптардын аткарылышы. |
| Март | Мектептеги, окуу кабинеттеринде | | 1-7 класстарда жолдо жүрүүнүн эрежелеринин | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ги өрт жана техн. коопсуз. сакталышы | | окутулушунун абалы. | |
| Апрель | | | 9-, 11-класстардагы жазуу, лаборат. текшерүү иштеринин абалы | 9-11-класстардын окуучуларынын ЖМАга даярдык |
| Май | 9 жана 11 класстардын бүтүрүү документтерин алууга иш кагаздарын даярдоо. | | 9-,11-класстардагы окуучулардын окуу программалары-нын аткарылышы. | 1жана 4-класстардын окуучуларынын билим денгээлинин абалы |